| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>БЕШ-ТАШ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ БЕШ-ТАШСКОГО АЙЫЛЬНОГО<br>АЙМАКА |
|---|---|---|

# ТОКТОМ

**2024-жыл 2-июль №30** **Кызылтуу айылы**

**Топурак алуу үчүн карьер ачууга жана бышкан кирпичти кургатуу үчүн жеңил типтеги курулуш курууга макулдук берүү жөнүндө**

Депутаттардын Беш-Таш айылдык Кеңешинин VIII чакырылышынын кезек 4 сессиясы

Кызылтуу айылынын тургуну Мураталиев Руслandын арызын карап көрүп жана 2024-жылдын 26-июнь айындагы Беш-таш айылдык кеңешинин айыл чарба, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укукгун жана кызыкчылыгын коргроо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиянын кортундусун негиз кылып Беш-Таш айылдык кеңеши **токтом кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын 2013-жылдын 15-июлундагы №145 “Жер участокторун которуу (трансформатциялоо) жөнүндө” Мыйзамын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 19-мартындагы №169 токтому менен бекитилген “Жер участокторун которуу (трансформатциялоо) тартиби жөнүндө” Убактылуу жобого ылайык, Беш-Таш айыл аймагынын административдик чегиндеги кичи Жергетал кыштоосунун №952-чөйрө сызыгындагы жайыт жеринен 1,0 га жер тилкесин “Запастагы жерлер” категориясынан “Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонунун жерлери жана башка багыттагы жерлер” категориясына которуу (трансформатциялого) макулдук берилсин
2. Жогоруда аталган мыйзамга ылайык, которуу (трансформатциялоо) боюнча тиешелүү кортундуларды жана юридикалык иш кагаздарын толуктоо, Талас райондук жер комиссиясына сунушту даярдоо, Беш-Таш айыл өкмотүнун башчысы Мурат Шамилге милдеттендирилсин.

**Төрга** **Сатыбек уулу Максат**